Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# Сүрөт өнөрү

7

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
7-классы үчүн окуу китеби

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуштаган*

Жаңы басылышы



Ташкент – 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УУК 75(075.3)
КБК 85.14я72
С 87


*Түзүүчүлөр:*
**Аскаралы Сулайманов, Сакина Мухамеджанова, Зилола Сулайманова, Дилшаджан Хайтметов**

*Рецензенттер:*
**Шихназар Жуманиязов** – Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтунун Сүрөт өнөрү факультетинин деканы, доцент;
**Руслан Халилов** – Низамий атындагы Ташкент мамлекеттик педагогикалык институтунун “Сүрөт өнөрү жана аны окутуу” кафедрасынын башчысы, доцент;
**Барно Юнусова –** Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги алдындагы Республикалык билим берүү борборунун көркөм өнөр жана чийүү предметтеринин методисти.
**Саадат Мансурова** – Ташкент шаарындагы 274-сандуу жалпы орто билим берүүчү мектебинин сүрөт өнөрү жана чийүү предметинин мугалими.
**Шахиста Турсунова** – Ташкент облусунун Ташкент районундагы 15-жалпы орто билим берүүчү мектептин сүрөт өнөрү жана чийүү предметтеринин мугалими.

Сүрөт өнөрү [Текст]: 7-классы үчүн окуу китеби / Х. Х. Муратов [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. – 128 б.

ISBN 978-9943-8372-3-2 УУК 75(075.3)
КБК 85.14я72

## Шарттуу белгилер:


Практикалык иш


Өтүлгөн тема боюнча текшерүүчү суроолор


Үйгө тапшырма


Темага тиешелүү кызыктуу маалыматтар

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*

*Оригинал макет жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелди.*

ISBN 978-9943-8372-3-2 © Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## 1-ЧЕЙРЕК








**1-тема.** Сүрөт өнөрүндө символикалык белги жана геральдика 7

**2-тема.** Искусство фестивалынын, спорттук мелдештин логотибин тартуу 11

**3-тема.** Сүрөт өнөрүндө агым жана багыттар. Импрессионизм жана постимпрессионизм 15

**4-тема.** Пуантилизм стилинде пейзаж тартуу 20

**5-тема.** Пуантилизм стилинде натюрморт тартуу 25

**Текшерүү иши.** Пуантилизм стилинде пейзаж (же натюрморт) тартуу 30

**6-тема.** Кубизм стилинде натюрморт тартуу 31


## 2-ЧЕЙРЕК




**7-тема.** Графикалык программалар аркылуу (жардамында) китептин мукабасынын дизайнын тартуу 38

**8-тема.** Китептин иллюстрациясы 42

**Текшерүү иши.** Адабият сабагында окуган темалардан бирине иллюстрация тартуу 51

**9-тема.** Шрифттүү-графикалык композиция 52

**10-тема.** Коллаж техникасында сүрөт тартуу 57


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 3-ЧЕЙРЕК


**11-тема.** Айкелчиликте (скульптура) портрет 65

**12-тема.** Айкелчилик материалдарынан декоративдүү буюмдар жасоо 68

**13-тема.** Ландшафт дизайны үчүн функционалдуу-декоративдүү айкелче жасоо 72

**14-тема.** Айкелчиликте декоративдүү панно жасоо. Рельеф 76

**Текшерүү иши.** Пластилин же ылайдан каалаган темада рельеф сымал композиция жасоо 80

**15-тема.** Өзбекстандын колдонмо жасалга өнөрүндө символикалык фигуралар 81

**16-тема.** Ислимий оймо тартуу 86




## 4-ЧЕЙРЕК


**17-тема.** Дизайн өнөрү 90

**18-тема.** Архитектурада композиция. Интерьердин дизайны 94

**19-тема.** Архитектурада композиция. Экстерьердин дизайны 99

**20-тема.** Архитектура чөйрөсүндө граффито композициясы 105

**Текшерүү иши.** “Спорттук мелдештер” темасында дубал сүрөт – граффито үчүн композиция тартуу 110

**21-тема.** “Кыялымдагы шаар” темасында архитектуралык композиция тартуу 111

**22-тема.** Фотографияда композиция 120


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Ардактуу окуучу! Сага берилип жаткан бул жаңы муун китебинде сүрөт өнөрүнүн түрлөрү, жанрлары, агым жана багыттары, чыгармачыл сүрөтчүлөр, дизайн, композициялык ишмердүүлүк, каллиграфия (көркөм жазуу) өнөрү жөнүндөгү маалыматтар менен таанышасың. Сүрөт өнөрү сабактарында алган билимдериң, өздөштүргөн практикалык компетенцияларың кесип тандоодо сага жакындан жардам берет. Ал үчүн сен китептеги темаларды кунт коюп өздөштүрүшүң, практикалык тапшырмаларды аткарып, өз чеберчилигиңди арттырып баруун зарыл болот. Бул китеп чыгармачыл ишмердүүлүк менен байланыштуу болгон сүрөтчүлүк, айкелчилик, дизайнерлик, архитекторлук сыяктуу кесиптер жөнүндө түшүнүккө ээ болууң үчүн маанилүү булак милдетин өтөшүнө үмүт кылабыз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 1-ЧЕЙРЕК

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 1-тема СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨ СИМВОЛИКАЛЫК БЕЛГИ ЖАНА ГЕРАЛЬДИКА

Сүрөт өнөрүндө символикалык белгилерди сүрөттөө менен байланыштуу ишмердүүлүктүн түрү “геральдика” (немисче “Heraldik”, французча “heraldique”, грекче “heraldus”) деп аталат. Түрдүү фирма, министрлик, концерн, комитет жана мекемелердин эмблемалары, мамлекеттердин гербдеринин сүрөтү да геральдиканын үлгүсү болуп эсептелет.

Алгачкы гербдер б.з.ч. үчүнчү миң жылдыкта пайда болгон. Гербдерде негизинен жаныбарлар жана канаттуулардын сүрөтүнөн пайдаланылган. Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик гербинде да сыйкырдуу Хума кушу сүрөттөлгөн.




*1-сүрөт.* Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик герби жана Өзбекстан Олимпиада комитетинин эмблемасы




*2-сүрөт.* Өзбекстан Республикасынын Ички иштер министрлигинин эмблемасы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*3-сүрөт.* Россия Федерациясынын мамлекеттик герби




*4-сүрөт.* Казакстан Республикасынын *мамлекеттик* герби



*5-сүрөт.* Финляндиянын мамлекеттик герби

Геральдиканын маанилүү багыттарынан бири саналган символикалык белгилер, эмблемалар да сүрөт өнөрүнүн графика түрүнүн үлгүлөрү болуп эсептелет. Айрыкча, дүйнөгө таанымал концерндер, автомобиль өнөр жайы ишканалары өз продукциялары үчүн бренд милдетин аткаруучу эмблемаларга олуттуу көңүл бурушкан *(6-сүрөт).*





*6-сүрөт.* Дүйнөгө таанымал автоконцерндердин эмблемалары

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*7-сүрөт.* Символикалык маани берүүчү эмблемалар




*8-сүрөт.* Эмблема тартуунун баскычтары

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мектеп (класс, фирма)тин эмблемасын тартуу.

1. Геральдика сөзү кайсы тилден алынган жана кандай маанини билдирет?

2. Алгачкы гербдер качан пайда болгон?

3. Кимдерде жана кайсы кесип ээлеринде өздүк гербдер болгон?

Өз алдынча түрдө фирманын эмблемасын тартуу.

- Мамлекеттин гербдеринде эң көп бүркүт сүрөтүнөн пайдаланылган.
- Өзбекстандын Мамлекеттик гербин Өзбекстан Көркөм академиясынын академиги Анвар Мамажанов тарткан.
- Амир Темурдун гербинде үч айлана сүрөттөлгөн.
- Александр Македонский, Юлий Цезарь, Король Артур сыяктуу атактуу тарыхый инсандардын да өз гербдери болгон.
- Байыртада мамлекеттик гербдерден сырткары жер-мүлккө болгон ээликти, корпорациялар, дворян жана буржуа үй-бүлөлөрүн билдирүүчү гербдер да болгон.
- 1672-1705-жылдарда Амстердам шаарында “Символдор жана тамгалар” аттуу китеп басылып, анда 8000 ден ашуун геральдиканын үлгүлөрү келтирилген. 1671-жылда болсо Клод Франсуа Монеструанын “Геральдика өнөрү жана гербдердин келип чыгышы” аттуу китеби басылып чыккан. 1726-жылда Петербург академиясында геральдика кафедрасы түзүлгөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2-тема ИСКУССТВО ФЕСТИВАЛЫНЫН, СПОРТТУК МЕЛДЕШТИН ЛОГОТИБИН ТАРТУУ

**Логотип** (немисче “logotupe”, грекче “logos” – сөз, “tupos” – из маанилерин билдирет) – ишканалар, соода мекемелери же жеке инсандардын графикалык белгиси же эмблемасы. Логотип – компаниянын корпоративдик идентификациясынын негизги атрибуту саналат. Логотиптин дизайны концепция жана идеянын визуалдык мааниси болуп, жөнөкөй, ошол эле учурда логикалык-композициялык жактан мыкты графикалык сүрөт болуп эсептелет. Ошондуктан логотип оригиналдуу, ассоциативдүү, экспрессивдүү, функционалдуу болушу зарыл.

Логотип белги, символ, кызыктуу шрифтерден түзүлгөн элементтерди бириктирүү аркылуу жаратылышы да мүмкүн. Мисалы, жазуу белгиге айланышы, шрифт темага тиешелүү кандайдыр бир графикалык фигура менен байытылышы мүмкүн.

Логотип компанияны белги жана символдор аркылуу тааныштырат. Андагы белги визуалдуу кабыл алуу үчүн ыңгайлуу жана түшүнүктүү болушу керек. Ташкентте өспүрүмдөрдүн ортосунда өткөн эл аралык фехтование (кылыч ойнотуу) мелдешинин логотиби буга мисал болот.

**Тапшырма**

Мелдеш жана ал өткөрүлүүчү жерди бир логотипте көрсөтүү. Логотип оригиналдуу жана баарына бирдей түшүнүктүү болушу керек.

**Чечим**

Логотипке негиз катары жогоруга көтөрүлгөн кылычтын сүрөтү жана Ташкенттин көңүл бураарлык жерлеринен бири – Ташкент телемунарасынын образдарынан пайдаланылган.




*9-сүрөт.* Фехтование боюнча эл аралык мелдештин эмблемасы


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ПРАКТИКАЛЫК САБАК
## TURBOLOGO ТИРКЕМЕСИНИН ЖАРДАМЫНДА ИСКУССТВО ФЕСТИВАЛЫНЫН ЛОГОТИБИН ЖАРАТУУ

1 Тиркеме аркылуу (https://turbologo.ru/create-logo) логотип жаратуунун биринчи баскычында боло турган иш-чаранын аты, слоганы (урааны) жана кайсы багытка арналганы жөнүндөгү маалыматтар киргизилет.





2 Кийинки бетте логотип үчүн түс тандалат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3 Кезектеги бетте логотип үчүн графикалык сүрөт тандалат. Ал үчүн жаратылып жаткан логотип кайсы багытка таандык экенин көрсөтүп өтүү талап кылынат. Берилген варианттардан 5 даанага чейинкисин тандоо мүмкүнчүлүгү бар.




4 Берилген варианттардан ылайыктуусу тандалат.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






5 Тандалган вариант скриншот түрүндө сактап алынат.






1. Логотип дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Логотипке коюлуучу талаптар эмнелерден турат?
3. Логотиптин визуалдык компоненттерине эмнелер кирет?

Логотип жаратууга арналган тиркемелерден пайдаланып ишкана үчүн логотип жана реклама слоганын жаратуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 3-тема СҮРӨТ ӨНӨРҮНДӨГҮ АГЫМ ЖАНА БАГЫТТАР. ИМПРЕССИОНИЗМ ЖАНА ПОСТИМПРЕССИОНИЗМ

Импрессионизм (французча “impressionnisme” – элестетүү) агымы XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында Европа, негизинен, Францияда пайда болгон. Импрессионизм сүрөт өнөрүнүн ири агымдарынан бири болуп, ал салттуу догматикалык академиялык сүрөт өнөрүнө каршы түрдө пайда болгон.



1874-жылы 15-апрелде Париждеги кафелердин биринде “кордолгондордун” (расмий түрдө кабыл алынбаган сүрөтчүлөрдү ушундай аташкан) чыгармаларынын көргөзмөсү ачылган. Клод Оскар Моненин көргөзмөсүндөгү “Күн чыгышы алдындагы таасирленүү” аттуу чыгармасы “таасирленүүчүлөр” термининин келип чыгышына себеп болгон. Алгач бир топ сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгын мүнөздөө үчүн иштетилген бул термин кийинчерээк айкелчилик, музыка, адабият жана искусствонун башка түрлөрүнө карата да колдонула баштаган. Импрессионист сүрөтчүлөрдүн башкы идеясы таза түстөрдөн пайдалануу болгон. Сүрөтчүлөрдү табияттын тез өзгөрүүчү абалдары – таң, бешим, күүгүм, нымдуу жана кургак аба, булуттуу жана ысык күндүн көрүнүшү, шаардын кызуу жана элдүү көрүнүштөрү кызыктырчу. Натуранын өзүнөн ачык абада (пленэрде) сүрөт тартуу импрессионисттердин негизги чыгармачыл стилине айланган.

*Европа импрессионизминин негиздөөчүлөрүнөн бири Альфред Сицлей (1839-1899) турмуштук таасирлердин негизинде живопись картиналарын жаратуу боюнча чебер сүрөтчү болгон. Атасы аны экономикалык билим алуу үчүн Лондонго окууга жөнөткөн. Бирок Альфредди сүрөт өнөрү, живопись кызыктыргандыктан Шарль Глейрдин устаканасында сүрөт өнөрүнүн негиздерин үйрөнгөн. Альфред ошол жерде кийинчерээк атактуу импрессионист болуп таанылган Клод Моне жана Огюст Ренуар менен таанышкан.*

*1873-жылы Альфред Сицлей живописчи импрессионисттердин коомун түзгөн. Ал бүткүл жашоосу жана чыгармачыл ишмердүүлүгү учурунда импрессионизмге туруктуу болуп калган.*

Импрессионист сүрөтчүлөр спектрдин жети түсүнөн (кызыл, агыш сары, сары, жашыл, агыш көк, кочкул көк, кызгылт-көк) гана пайдаланышкан. Импрессионисттер түстөрдү аралаштыруу менен кошумча жана татаал түстөрдү пайда кылуу жана алардан картина жаратууну жасалма абал катары баалашкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*10-сүрөт.* **Камиль Писсарро.** Жанна Писсарро бакта

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*11-сүрөт.* **Клод Моне.** *Лилия*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Импрессионизм агымынын белгилүү сүрөтчүлөрүнөн бири Огюст Ренуар түрдүү материалдарда кооз картиналарды тарткан. "Мажүрүм тал жана кайыктагы адамдар" (10-сүрөт) картинасында сүрөтчүнүн живописчи түрүндөгү чебердиги көрүнгөн. Бир караганда жөнөкөй айыл көрүнүшү сүрөтчү тарабынан сүрөттөлгөн деталдар менен өзгөчө мазмунга ээ болгон. Чыгарманын орто планында сүрөттөлгөн дарыянын суусу жашоо өткүнчү экендигине белги. Кайыктагы адамдар болсо өтүп бараткан жашоонун жөнөкөй жолоочулары катары чагылдырылган.



*12-сүрөт.* **Огюст *Ренуар*.** Мажүрүм тал жана кайыктагы адам

Импрессионизмден кийин сүрөт өнөрүнүн постимпрессионизм агымы пайда болду. Бул агымдын мүчөлөрү өз чыгармаларын реалдуу сүрөт өнөрүнүн мыйзамдарынын негизинде жаратышса да, негизги көңүл бурууну чыгарма композициясында символдук, философиялык мазмунду чагылдырууга карашкан. Кийинчерээк сүрөт өнөрүндө пуантилизм, неоимпрессионизм, фовизм, кубизм сыяктуу агым жана багыттар пайда болгон.



*13-сүрөт.* **Огюст Ренуар.** Актрисанын портрети

Импрессионизм агымы Европа, Америка жана Азия мамлекеттерине, о.э., өзбек сүрөт өнөрүнө да өз таасирин тийгизген. Атап айтсак, Лев Буре, Оганес Татевосян, Павел Беньков, Зинаида Ковалевская, Владимир Бурмакин, Юрий Талдыкин, Анвар Мирсоатов, Жавлон Умарбеков, Алишер Мирзаев, Шухрат Абдурашидов, Янис Салпинкиди, Абдуманнон Юнусов, Дилорам Мамедова сыяктуу өзбекстандык сүрөтчүлөрдүн чыгармачылыгында импрессионизм элементтерин көрүшүбүз мүмкүн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*14-сүрөт.* **Альфред Сицлей.** Сен-Жерменде жаз

Импрессионизм стилинде тартылган чыгармадан нуска көчүрүү.

1. Импрессионизм агымы качан жана каерде пайда болгон?
2. “Импрессионизм” термини алгач кайсы сүрөтчүнүн чыгармасына карата иштетилген?
3. Импрессионист сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
4. Сүрөт өнөрүнүн кандай агым жана багыттарын билесиң?

Китептеги импрессионизмге тиешелүү иллюстрацияларды талда жана өз таасирлериңдин негизинде өз алдынча иш даярда.

1. XIX кылымдын аягына чейин Парижде “Салон” деп аталган салттуу көргөзмө өткөрүп келинген.
2. Импрессионисттердин чыгармаларын Поль Дюран-Рюэль аттуу запастагы деңиз офицери 20 франктан сатып алган. Кийинчерээк бул чыгармалардын ар бирин 100 эсе кымбатка саткан.
3. Импрессионисттердин биринчи көргөзмөсүнө кирүү баасы 1 франк болгон.
4. Картина соодасы менен алектенүүчүлөрдү маршандар деп аташкан.


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 4-тема ПУАНТИЛИЗМ СТИЛИНДЕ ПЕЙЗАЖ ТАРТУУ

**Пуантилизм** (французча “pointillisme”, “point” – чекит) сүрөт өнөрүнүн өз алдынча агымы катары XIX кылымдын аягында Францияда пайда болгон. Бул усулда таза түстөрдү чекит же төрт бурчтук формасында иштетүү аркылуу сүрөт пайда кылынат. Поль Синьяк, Жорж Сёра, Анри Эдмон Крос сыяктуу француз сүрөтчүлөрү пуантилизм стилинде чыгармачылык менен алектенген алгачкы сүрөтчүлөр болуп эсептелишет. Өзбекстандык сүрөтчүлөрдөн Эл сүрөтчүсү Анвар Мирсоатов, Зухриддин Исламшиков, Дилюс Мирсалимовдор пуантилизм стилинде бир нече чыгармаларды жаратышкан.



*15-сүрөт.* Пуантилизм стилинде иштелген пейзаж

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жогорудагы пуантилизм стилинде иштелген сүрөттө *(15-сүрөт)* сүрөтчү төрт бурчтук формасындагы түс сүртмөлөрү аркылуу тоодогу айылдын пейзажын сүрөттөгөн. Пейзажда сүрөтчү түстөрдү жанаша жана кабаттап коюуда контраст түстөрдөн пайдаланган.



*16-сүрөт*. Пуантилизм стилинде иштелген маринистик жанрдагы пейзаж

Экинчи иллюстрацияда *(16-сүрөт)* жылуу жана муздак түстөрдүн контрастын көрүүгө болот. Мында сүрөтчү алдыңкы жана арткы планда жылуу түстөрдөн, ортоңку планда болсо муздак түстөрдөн пайдаланган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*17-сүрөт.* **Эдуард Мане.** Сүрөтчүнүн багы

Үчүнчү иллюстрацияда да жылуу жана муздак түстөрдүн контрастын көрүүгө болот. Мында сүрөтчү алдыңкы жана арткы планда жылуу түстөрдөн, ортоңку планда болсо муздак түстөрдөн пайдаланган.

Төмөндө пуантилизм стилинде пейзаж тартуунун баскычтары сүрөттөлгөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**АСКАРАЛЫ СУЛАЙМАНОВ**


ПУАНТИЛИЗМ СТИЛИНДЕ ПЕЙЗАЖ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ



1



2



3

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4



Практикалык ишти аткаруунун биринчи баскычында пуантилизм стилинде тартылуучу сүрөттүн көрүнүшү белгилеп алынат жана калемде жеңил жардамчы сызыктар менен пейзаж сүрөттөп алынат. Кийинки баскычтарда түстөрдү бири-бирине жакын түстөрдө сүртүп, сүрөттүн түстүү көрүнүшү пайда кылып барылат. Алгачкы баскычтарда пейзажга жеңил түрдө ачык түстөрдөн негиз пайда кылып алууда мүмкүн. Бирок бул түс пейзаж пуантилизм стилинде иштелгенин билдириши үчүн тоскоол болбостугу керек. Бул жараянда жогорудагы иллюстрацияда сүрөттөлгөндөй, ачык беттерге кочкул түстөр, кочкул бетке ачык түстөрдү сүртүү сунушталат. Пейзаждагы элементтерге алардын алыс-жакындыгына карай түс тандоо керек. Ушундай түрдө сүрөттө абанын перспективасы чагылдырылат.

1. “Пуантилизм" термини кандай маанини билдирет?
2. Импрессионизм усулунда пейзаж тарткан чет элдик жана өзбекстандык кайсы сүрөтчүлөрдү билесиң?

Пуантилизм стилинде пейзаж композициясын өз алдынча тартуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5-
тема


# ПУАНТИЛИЗМ СТИЛИНДЕ НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

Пуантилизм стилинде натюрморт тартуу пейзаж тартуудан бир аз татаалыраак. Анткени пейзажда перспектива мыйзамдарына негизинен деталдар алыстаган сайын кичирейип, көрүнүшүнүн тактыгы азайып барат. Түстөр да алыстаган сайын күңүрттөшүп, жалпы агыш көк түскө айланып барат. Натюрмортто болсо перспектива менен түстөрдүн абалдары анчалык өзгөрбөйт.

Пуантилизм стилинде тартылган төмөндөгү сүрөттү кунт коюп кара *(18-сүрөт)*. Мында алгач сүрөттүн бетине кочкулураак түстөгү түс берип алынган. Ушундан соң тоголок формадагы түс сүртмөлөрү берилген. Бул усулда кочкул түстөгү түстөрдүн үстүнөн ачык түстөгү боёкторду сүртүү тартиби колдонулган. Акварель боёгу тунук болгондуктан кабаттап сүртүлгөндө түстөр коюуланып барат. Ошондуктан пуантилизм стилинде натюрморт тартууда гуашь боёгунан пайдалануу керек.

Натюрмортто ачык түстөр акыркы катмар катары берилген. Алар экинчи планда болгондуктан, ушундай усул колдонулган.

Пуантилизм стилинде натюрморт тартууда баштап биринчи катмар катары ачык бир кылка түс берип алуу мүмкүн. Иштин кийинки баскычтарында ар бир буюм жана мөмөлөрдүн түсүнө ылайык түстөр жанаша сүртүлүп, баскычма-баскыч коюулантып барылат. Иштин бул баскычында натюрморттун деталдарындагы жарык-көлөкө катыштарына өзүнчө көңүл буруу керек.



*18-сүрөт.* Гуашь *боёгу менен пуантилизм стилинде иштелген натюрморт*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*19-сүрөт.* Акварель боёгунда пуантилизм стилинде иштелген натюрморт

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Төмөндө берилген натюрмортту пуантилизм стилинде тартуу.



*20-сүрөт.* Окуу натюрморту

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**АСКАРАЛЫ СУЛАЙМАНОВ**

ПУАНТИЛИЗМ СТИЛИНДЕ НАТЮРМОРТ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ



1



2


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





3



4

1. Пуантилизм стилинде сүрөт тартууда кандай боёктордон пайдаланылат?
2. Акварель же гуашь боёгунда пуантилизм стилинде сүрөт тартуу эмнеси менен айырмаланат?
3. Пуантилизм стилинде натюрморт тартууда буюмдардын көлөмүн чагылдырууда эмнелерге көңүл буруу керек?

Өз алдынча түрдө үй-тиричилик буюмдарынын жөнөкөй натюрмортун жана пуантилизм стилиндеги сүрөтүн тарт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

# ПУАНТИЛИЗМ СТИЛИНДЕ ПЕЙЗАЖ ЖЕ НАТЮРМОРТ ТАРТУУ



*21-сүрөт.* Пуантилизм стилинде тартылган пейзаж

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6-тема
# КУБИЗМ СТИЛИНДЕ НАТЮРМОРТ ТАРТУУ

**Кубизм** (французча “kubisme” сөзүнөн алынган) стили сүрөттөлүп жаткан объект, буюм жөнүндө кененирээк элес пайда кылуу үчүн ойлоп табылган. Анда сүрөтчү бүтүн сүрөттү геометриялык фигураларга “бөлүү” аркылуу буюм жөнүндөгү элестетүүсүн кеңейтүүгө умтулат. Бул стиль XX кылымдын башында Францияда пайда болгон. Кубизм стилинде чыгармачылык кылган алгачкы сүрөтчүлөр катары Жорж Брак, Пабло Пикассо, Фернан Леже, Р. Белони тилге алынат.



*22-сүрөт*. Кубизм стилинде иштелген натюрморт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*23-сүрөт.* Кубизм стилинде иштелген натюрморт. Вариант

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*24-сүрөт.* Кубизм стилинде иштелген татаал көрүнүштөгү декоративдүү натюрморт

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Кубизм стили сүрөт өнөрүнүн өзүнчө багыты катары калыптануусунда француз сүрөтчүсү Поль Сезанндын чыгармачылыгы өзүнчө орунга ээ.



*Француз импрессионизминин жаркын өкүлдөрүнөн бири Поль Сезанн 1839-жылы 19-январда төрөлгөн. Ал окуган коллежде сүрөт өнөрү милдеттүү предмет болсо да, бул багытта байкаларлык ийгиликтерге жетишпеген. Сүрөтчүлүккө кызыгуусунун калыптанышында Веронезе, Тинторетто, Делакруа, Домье сыяктуу импрессионист сүрөтчүлөр, айрыкча, Камиль Писсарро менен таанышуусу чечүүчү роль ойногон.*

Кубизм стилинде натюрморт сүрөтүн геометриялык фигураларга бөлүп алууда түрдүү усулдар – горизонталь жана вертикаль, диагональ сызыктарды жүргүзүү, айланалар сызуу аркылуу түрдүү фигуралар пайда кылуу мүмкүн. Негизгиси, ар бир геометриялык фигура буюмдун формасы, жарык жана көлөкө бөлүктөрүн туюнтуу үчүн ылайыктуу болушу керек.



Кубизм стилинде натюрморт тартуунун дагы бир өзгөчөлүгү анда декоративдүү элементтерден да пайдалануу болуп саналат.


Кубизм стилинде натюрморт тартууда буюмдардын формасына көңүл бурган түрдө түрдүү багыттагы сызыктардын жардамында геометриялык фигуралар пайда кылуу, аларга контраст түстөр берүү сыяктуулардан пайдалануу мүмкүн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КОМПЬЮТЕР ГРАФИКАСЫНЫН ЖАРДАМЫНДА КУБИЗМ СТИЛИНДЕ НАТЮРМОРТ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5



6



1-вариант. Берилген натюрморттогу буюмдарды геометриялык фиргураларга бөлүү жана кубизм стилинде сүрөттөө.

2-вариант. Натюрмортту компьютер графикасынын жардамында кубизм стилинде сүрөттөө.

1. “Кубизм” терминин сөздүк мааниси эмнени билдирет?
2. Сүрөт өнөрүнүн кубизм багыты качан жана каерде пайда болгон?
3. Кубизм стилинде алгачкы сүрөт өнөрү чыгармаларын жараткан сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?

Өз алдынча түрдө кубизм стилинде натюрморт тарт.

- Окуучулук жылдарында Поль Сезанн математика, латын жана грек тилдерин үйрөнүүгө шыктуу болгон. Жан дүйнөсү чыгармачыл Сезанн француз тилинде ырлар жазган.
- Сезанн 3 гана түрдүү: көк, жашыл жана ак-саргылт (охра) түстөрдү ак түс менен аралаштырып, 800 дөн ашуун живопись чыгармаларын жараткан.
- Сезанн акварелде да түркүм чыгармаларды тарткан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 2-
# ЧЕЙРЕК




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 7-тема ГРАФИКАЛЫК ПРОГРАММАЛАРДЫН ЖАРДАМЫНДА КИТЕПТИН МУКАБАСЫНЫН ДИЗАЙНЫН ИШТӨӨ

Заманбап китептин графикасына таандык өзгөчөлүктөрдөн бири сүрөттү графикалык программалардын жардамында тартуу болуп саналат. Ушундай программалардан бири CorelDRAW вектордук графикалык редактор болуп эсептелет. Бул программада көптөгөн эффекттердин жыйнагы бар. Программа интерфейсинин ыңгайлуулугу себеп кыска убакытта анын негизги мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө түшүнүк пайда кылуу мүмкүн.

Жалаң гана айкын ажыратылган чекит (түйүн)тер жана бул чекиттерди туташтыруучу сызыктардан түзүлгөн сүрөт векторлуу сүрөт деп аталат. Вектордук графикада сүрөт вектор деп аталуучу сызыктардын негизинде курулуп, аларга түрдүү параметрлер – түс, сызыктын калыңдыгы жана жайгашуусу сыяктуу өзгөчөлүктөрдү берүү мүмкүнчүлүгү китеп кооздоочу сүрөтчү үчүн ыңгайлуулук жаратат. Векторлуу сүрөттүн өлчөмү өзгөртүлгөндө да өз касиетин сактап калат жана өзүнчө объекттерди редакторлоо мүмкүнчүлүгүн берет.

CorelDRAW программасынын артыкчылыктарынан бири анын ыңгайлуу жана оңой жөндөлүүчү интерфейси болуп эсептелет. Программанын терезеси көптөгөн жардамчы элементтерден түзүлгөн.

Программаны компьютерге орнотқондо төмөнкү белги көрүнөт. Бул белгинин үстүнө чычкандын сол топчусун эки жолу басуу аркылуу программага киргизилет.





*CorelDRAW программасынын белгиси*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Китеп графикасы багытында китептин мукабасынын эскизин тартууда “Башкы меню”, “Стандарттык панель”, “Өзгөчөлүктөр панели”, “Инструменттер панели”, “Түстөрдүн палитрасы” сыяктуу элементтерден пайдаланылат.





*CorelDRAW* программасынын терезесинин жалпы көрүнүшү

## ПРАКТИКАЛЫК ИШ

CorelDRAW программасында 7-класстын “Сүрөт өнөрү” китебинин мукабасынын дизайнын долбоорлоо.

Инструменттер панелиндеги төрт бурчтук формасынан пайдаланып, каалагандай төрт бурчтук сызылат. Өзгөчөлүктөр панелиндеги өлчөм коюу функиясына кирип, керектүү өлчөм (418x300 мм) киргизилет.




*Мукабанын* жалпы өлчөмүн белгилөө

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ушул операцияны кайталап, 378x260 мм өлчөм белгиленет. Пайда болгон биринчи төрт бурчтукту чычкандын жардамында белгилеп, клавиатурадан “Shift” топчусун баскан түрдө экинчи төрт бурчтук сызыгынын үстүнө чычканды алып барып, сол топчу басылат. Натыйжада эки фигура белгиленет. Андан соң клавиатурадан “С” жана “Е” (“Center” – борбор) тамгаларын удаалаш басылса, чоң өлчөмдөгү төрт бурчтуктун борборуна кичине өлчөмдөгү төрт бурчтук автоматтык түрдө жайгашат.



*Сүрөт пайда кылынганда аянтты белгилөө*



*Китептин мукабасынын алдыңкы жана арткы жактарын белгилөө*


Чоң өлчөмдөгү төрт бурчтук китептин мукабасы болуп эсептелет. Анын борборунан вертикаль сызык өткөрүп, төрт бурчтук тең экиге бөлүнөт. Борбордон эки жакка 15 см ден тең аралык калтырылат. Төрт бурчтуктун оң жагы китептин мукабасынын алдыңкы бөлүгү, сол жагы болсо арткы бөлүгү болот. Кичине төрт бурчтук китептин мукабасындагы жазуулар жана сүрөттөрдү кооз жайгаштыруу үчүн чек аранын милдетин аткарат.

Кийинки баскычтарда китептин мукабасына түс берүү, сүрөт коюу, түрдүү эффекттерди колдонуу, тексттин шрифттери менен тартуу жараяндары аткарылат.


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*Мукаба үчүн түс жана шрифт тандоо*




*Китептин мукабасынын жыйынтыктоочу варианты*

1. CorelDraw кандай программа?
2. Вектор деген эмне?
3. Вектордук графика бүгүнкү күндө кайсы багыттарда кеңири колдонулуп жатат?
4. CorelDraw программасында китептин мукабасы кандай удаалаштыкта иштелет?

CorelDraw программасында китептин мукабасынын вариантын тартуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 8-тема КИТЕПТИН ИЛЛЮСТРАЦИЯСЫ

**Иллюстрация** – латынча “illustratio” сөзүнөн алынган болуп, “жарытуу”, “көргөзмөлүү сүрөттөө” деген мааниклерди билдирет. Иллюстрациялар алгач кол жазма китептеринде Греция, Римде, кийинчерээк болсо Байыркы Египет, Кытай жана Орто Азияда жаратылган.

Орто Азияда жаратылган кол жазма чыгармаларындагы иллюстрациялар миниатюра түрүндө иштелген.



*25-сүрөт.* Абдурахман Жамийдин чыгармасына тартылган миниатюра-иллюстрация

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Китеп басып чыгаруу технологиялары, графика өнөрү өнүгүп, иллюстрация жаратуунун түрдүү усул жана техникалары ойлоп табылды. Китеп коздоочу сүрөтчүлөр иллюстрация тартуунун гравюра, линогравюра, ксилография, офорт сыяктуу техникалардан пайдаланышкан.



*26–27-сүрөттөр.*
**Кутлуг Башаров.** Надиранын лирикасына тартылган иллюстрациялар

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Иллюстратор сүрөтчү катарындагы көркөм-сүрөт жөндөмү “Сүрөттөрдө Мекен тарыхы” китебине тартылган сүрөттөрүндө даана көрүнгөн Абдукаххар Махкамов 1947-жылы Ташкент шаарында төрөлгөн. П. Беньков атындагы Республикалык сүрөтчүлүк коллежи жана учурдагы Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк жана дизайн институтунда окуган.*

*1982-1992-жылдарда Абдукаххар Махкамов Чолпон атындагы басма үйдө жетекчи сүрөтчү катары иштеп, республикабызда балдар үчүн көркөм коздолгон китептерди басып чыгаруу ишине олуттуу салымын кошкон. Сүрөтчүнүн көптөгөн чыгармалары Өзбекстан мамлекетинин искусство музейинде, АКШ, Нидерландия, Англия, Түркия, Россия сыяктуу мамлекеттердин искусство сүйүүчүлөрүнүн өздүк коллекцияларында сакталат. Абдукаххар Махкамовдун “Мекен тарыхы”, “Улуу жибек жолу” жалпы аттары астындагы түркүм графикалык чыгармалары Өзбекстан сүрөт өнөрүнүн баалуу үлгүлөрү катары тилге алынат. “Дүйнө элдеринин жомоктору” түркүмүндөгү иллюстрацияларында сүрөтчү өзүнүн чыгармачыл чебердигин көрсөткөн. Чыгыш миниатюра өнөрүнүн салттарын заманбап көрүнүштө уланткан сүрөтчүлөрдөн бири катары көптөгөн адабий булактарга, айрыкча, өзбек эл жомокторуна түркүм иллюстрациялар тарткан. Анын китеп коздоочу сүрөтчү катары чебердиги.*



*28-сүрөт.* **Абдукаххар Махкамов.** "Зиёд баатыр" жомогуна иштелген иллюстрация

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Китептерге тартылуучу иллюстрациялар өз милдетине карай түрдүүчө болот. Эң көп иллюстрациялар көркөм чыгармаларга тартылат. Бул түрдөгү иллюстрациялар да эки түрдүү болот: тарыхый жана заманбап булактарга иштелген иллюстрациялар.



*29-сүрөт.* Алишер Наваийдин "Садди Искандарий" чыгармасына иштелген иллюстрация

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*30-сүрөт.* Бабур Гератта Султан Хусайндын үйүндө.
“Бабурнаамага” иштелген иллюстрация

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Тарыхый иллюстрацияларга Алишер Наваийдин “Хамса”сына *(29-сүрөт)*, Захириддин Мухаммад Бабурдун “Бабурнаама” чыгармасына иштелген миниатюралык иллюстрацияларды *(30-сүрөт)* мисал келтирүү мүмкүн. Бул чыгармаларда анык тарыхый окуя сүрөттөлгөн. Заманбап сүрөтчүлөр тарабынан тарыхый темаларга иштелген иллюстрациялар да тарыхый окуялардын мүнөздөлүшүнө таандык болот. Китеп кооздоочу сүрөтчү Абдукаххар Махкамовдун “Сүрөттөрдө Мекен тарыхы” китебине тартылган сүрөттөрү *(31-сүрөт)* ушундай иштердин түрүнө кирет.




*31-сүрөт.* **Абдукаххар Махкамов.** “Сүрөттөрдө Мекен тарыхы” аттуу китебине иштелген иллюстрациялар

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






Китеп, түшүндүрмө сөздүк жана түрдүү энциклопедияларга тартылган сүрөттөр да китептин иллюстрацияларынан болуп эсептелет. Алар негизинен илимий жана техникалык мазмунга ээ.

*32-сүрөт.* **Константин Чепраков.** Фузулийдин лирикасына тартылган иллюстрация

**ЗИЛОЛА СУЛАЙМАНОВА**

АДАБИЙ ЧЫГАРМАГА ИЛЛЮСТРАЦИЯ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ

1



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2




3



4



5



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6



Эскиздердин жардамында адабий чыгарманын сюжетинин негизинде иллюстрация тартуу .

1. Иллюстрация сөзү кандай маанини билдирет?
2. Өзбекстандык китеп кооздоочу сүрөтчүлөрдөн кимдерди билесиң?
3. Китеп иллюстрациялары кандай түрлөргө бөлүнөт?

Өз алдынча түрдө сюжети тааныш болгон көркөм чыгармага иллюстрация тарт.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ТЕКШЕРҮҮ ИШИ
## АДАБИЯТ САБАКТАРЫНДА ҮЙРӨНГӨН ТЕМАЛАРДАН БИРИНЕ ИЛЛЮСТРАЦИЯ ТАРТУУ



*33-сүрөт.* Табриз миниатюра мектебине таандык иллюстрация

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 9-тема ШРИФТТҮҮ-ГРАФИКАЛУУ КОМПОЗИЦИЯ

**Шрифт** (немисче "schreiben" – "жазуу") – бирдиктүү стилистикалык жана композициялык түзүлүшкө ээ, белгилүү өлчөм жана оймолуу белгилердин жыйнагын түзүүчү тамга жана белгилердин графикалык чиймеси.

Шрифт композициясы – бул шрифттүү графикалык чыгарманын композициялык курулушу же түзүлүшү болуп, анын бардык негизги бөлүктөрүнүн кызыктуу жайгашуусу жана өз ара байланышуусу болуп саналат. Шрифттүү композициянын элементтери: өзүнчө шрифт белгилери (тамгалар, сандар, алардын элементтери, тыныш белгилери), сөздөр, сөз түркүмдөрү, тексттин өзүнчө катарлары жана текст блоктору.

Шрифттин негизинде негизги композициянын мыйзамдары (ритм, контраст, боштук), о.э, эстетикалык принциптер (тамганын образы, стиль) үйрөнүлөт. Шрифттүү композициялар да бир нече түрлөргө бөлүнөт. Булар:

1. Тамгалардын жардамында сөздүн маанисин билдирүүчү образ жаратуу.
2. Текст жана сүрөттүн шайкештигиндеги каллиграмма жаратуу.
3. Шрифттүү иллюстрация жаратуу.



Тамгалардын жардамында сөздүн маанисин билдирүүчү образ жаратууда сөздүн мааниси, функционалдуу милдети, өзгөчөлүгү жана белгисин анализдөөнүн натыйжасында анын графикалык композициясы курулат.




*34–35-сүрөтлор.*
Шрифттерден композициянын мазмунуна ылайыктуу түрдө пайдалануу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*36-сүрөт.* Шрифттерден композициянын мазмунуна ылайык түрдө пайдалануу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Текст жана сүрөттүн шайкештигиндеги графикалык сүрөт каллиграмма деп аталат. Каллиграммада текстти сызылган сүрөттүн контуруна ылайыкташтыруу менен иллюстрация жаратылат.

Сүрөт тексттин кыймылына баш ийсе, анын ритмине ылайыктуу түрдө кыймылдаса, сүрөт-шрифттүү композициянын жалпы бүтүндүгү камсыздалат.




*37-сүрөт.* Шрифттерден композициянын мазумуна ылайыктуу түрдө пайдалануу



*38-сүрөт.* Шрифттүү тексттен темалуу композиция жаратуунун варианттары

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Каллиграммалар композиция жагынан татаал болушу мүмкүн. Композициялык толук каллиграммаларга мисал катары ислам каллиграфия өнөрүнүн үлгүлөрүн келтирүү мүмкүн *(39-сүрөт)*.



*39-сүрөт*. Каллиграфиялык композиция

Шрифттүү иллюстрация жаратуунун эң кызыктуу жактарынан бири – тамганын формасынан пайдаланып сүрөт жаратуу мүмкүнчүлүгүнүн бар экендиги. Кандайдыр бир сөз, тамгалардан түрдүү образдар, логотип жаратуу, сүрөттөр сызуу мүмкүн *(34–42-сүрөттөр).*



*40-сүрөт*. Шрифттүү динамикалык композиция

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*41-сүрөт.* Шрифттүү динамикалык композиция. Вариант



*42-сүрөт.* Реалдуу сүрөттөн шрифттүү-графикалык сүрөт пайда кылуу

1. Шрифт дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Шрифттүү композиция деген эмне?
3. Шрифттүү композициянын кандай түрлөрүн билесиң?
4. Каллиграмма сөзү кандай маанини билдирет?

1. Тамгалардан сөздүн маанисин билдирүүчү образ жаратуу.
2. Түрдүү өлчөм жана түрдүү стилдеги шрифттерден архитектуралык эстеликтин образын жаратуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 10-тема КОЛЛАЖ ТЕХНИКАСЫНДА СҮРӨТ ТАРТУУ

**Коллаж** французча “коллаж” – “желимдөө” – окшош болбогон түрдүү материалдарды (фотосүрөт, картон, табигый материал ж.у.с.) бир композицияда бириктирүүгө мүмкүнчүлүк берүүчү сүрөт өнөрүнүн техникасы. Коллаж техникасынын жардамында жаратылган чыгармаларда түс жана текстура жактан айырмалануучу материалдарды бетине жабыштыруу аркылуу сүрөт пайда кылынат.

Коллаж техникасынын бир нече түрлөрү бар.

**1. Декупаж** (французча “découper – “кесүү”) предметтердин бетине сүрөт түшүрүлгөн түрдүү кагаздарды жабыштырып, үстүнөн лактоо аркылуу кооздоо техникасы.



*43-сүрөт.* Декупаж техникасында сүрөт пайда кылуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**2. Скрапбукинг** (англисче “scrap” – “бөлүк”, book – “китеп” маанилерин билдирет). Коллаждын бул түрү үй-бүлөлүк фотоальбомдорду, китеп жана куттуктоо баракчаларын кездеме, кагаз, бисер же башка табигый материалдар (кургатылган гүл, жалбырактар) менен кооздоо техникасы.






*44-сүрөт.* Скрапбукинг техникасында сүрөт пайда кылуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**3. Квиллинг** (англисче “quilling” – куштун жүндөрү) колдонмо-декоративдүү көркөм өнөрдүн түрү болуп, анда буралган кагаз тасмаларынан көлөмдүү же жалпак беттеги композиция жаратылат.







*45-сүрөт.* Квиллинг техникасында сүрөт пайда кылуу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**4. Фотографиялардан коллаж жасоо** – бир гана картинанын бетинде бир канча фото сүрөттөрдү бириктирүү аркылуу бир бүтүн композиция жаратуу болуп саналат. Мында сүрөттөр картинанын бетинде тартипсиз абалда, же тескерисинче, белгилүү бир тартипте жайгашуусу мүмкүн. Фото сүрөттөрдөн сырткары коллаждын бул түрүндө түрдүү жазуулар, иллюстрациялар, декоративдик жасалгалардан пайдалануу да мүмкүн.



*46-сүрөт.* Фотоколлаж



*47-сүрөт.* Коллаж техникасында иштелген композиция

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## КОЛЛАЖ ТЕХНИКАСЫНДА ПОРТРЕТ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ




1. Коллаж жаратуунун биринчи баскычында эскиз дардап алынат. Эскизде сүрөттүн идеясы, образдын майда деталдарына чейин кагазга түшүрүп алынат.
2. Жаратып жаткан образыңды түстүү чечимин жалпы түрдө боёп чык. Мисалы, адамдын бет жана алаканы сары түстө болушу мүмкүн. Кийими жана башка жасалгалардын түсүн да белгилеп ал.
3. Керексиз журнал жана газетанын беттеринен композицияң үчүн зарыл түстөрдөгү бөлүктөр кесип алынат жана эскиздин керектүү бөлүктөрүнө жабыштырып чыгылат. Ушундай түрдө улантып, композиция аякталат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



1. Коллаж кандай өнөр түрү, анын кайсы түрлөрүн билесиң?
2. Декупаж сөзү эмнени билдирет?
3. Скрапбукинг өнөрүнүн чыгармачыл мүмкүнчүлүктөрү кандай?
4. Квиллинг өнөрүндө эмнелерден негизги чыгармачыл материал катары пайдаланылат?

*Коллаж техникасында иштеген биринчи өнөр ээси, немис сүрөтчүсү Курт Швиттерс (1887–1948).*




*48-сүрөт.* Коллаж техникасында иштелген абстракт композиция

Сабакта үйрөнгөн эркин темада жогоруда келтирип өтүлгөн техниканы колдонуп эркин темада коллаж композициясын жаратуу.


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*49-сүрөт.* Коллаж техникасында иштелген сүрөттүн үзүндүсү



Скрапбукинг техникасы XX кылымда пайда болгон. Бул доордо адамдар ыр китептер, күндөлүк дептерлерин түрдүү газета кыйкымдары, эстелик предметтери менен коолдошкон.



Коллаж техникасында композиция жаратуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 3-

# ЧЕЙРЕК



*Книга предоставл... UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 11-тема АЙКЕЛЧИЛИКТЕ ПОРТРЕТ

Портрет айкелчилик өнөрүнүн негизги жанрларынан бири болуп саналат. Портретке коюлуучу биринчи талап – окшоштук: сүрөттөлүп жаткан адам жана айкелдин өз ара окшоштугун туюнтуу. Бирок окшоштук сырткы касиеттер менен чектелбейт. Айкел жасоочу сүрөттөлүп жаткан адамдын психикалык абалын (кайгыруу, кубануу, капалануу жана башка абалдардын туюнтулушу), характерлүү өзгөчөлүктөрүн ачып бериши керек.



*50-сүрөт.* **Максим Макаревич.** Алишер Наваийдин бюсту



*51-сүрөт.* **Жасвант Анназаров.** Фуркаттын бюсту



*52-сүрөт.* **Дмитрий Рябичев.** Эрдиктин монументи

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Портрет жасоодо баштын бет бөлүгү моюндан алдыга чыгарылат. Баштын жалпы абалын тапкандан кийин, беттин майда деталдары чийилет.



*53-сүрөт.* Айкелчилик сабактарында пайдаланылуучу иш куралдары

## СЕЗИМДИК АБАЛ СҮРӨТТӨЛГӨН АЙКЕЛДИ ЖАСООНУН БАСКЫЧТАРЫ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4



5



Кийинки баскычта кулактар жана эринге кошумча көлөм берилет. Ал үчүн башка пластилин бөлүктөрүнөн пайдаланылат. Өзүнчө пластилин бөлүктөрүнөн назик бурама чачтар жасалат. Көз бөлүгүн жасоодо чакан өлчөмдөгү пластилинден шарлар жасап, көз алмасынын ичине жайгаштырылат, стектин жардамында жогорку жана ылдыйкы кабактарга иштөө берилет. Соңку баскычта портреттин кашы жана чач бурамалары жасалат.

Пластилин же ылайдан сезим туюнтулган портретти жасоо.

1. Сүрөт өнөрүнүн айкелчилик түрүндө кандай жанрлар бар?
2. Айкелчиликте портрет деген эмне жана ал кандай түрлөргө бөлүнөт?
3. Портрет жасоодо кандай талаптарга амал кылынат?
4. Бюст дегенде эмнени түшүнөсүң?

Пластилин же ылайдан горельеф усулунда адамдын портретинин бөртмө сүрөттөлүшүн жаса.

Дүйнөнүн түрдүү мамлекеттеринде өзбек ойчулдарынын айкелдери орнотулган. Токио (Япония), Минск (Беларусь) жана Москва (Россия Федерациясы) шаарларында Алишер Наваийдин, Каирде (Египет) Ахмад ал-Ферганийдин, Ригада (Латвия) Мырза Улукбектин, Кортракт (Бельгия) жана Рюей-Мельмезон (Франция) шаарларында ибн Синанын айкелдери бар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 12-тема АЙКЕЛЧИЛИК МАТЕРИАЛДАРЫНАН ДЕКОРАТИВДҮҮ БУЮМДАР ЖАСОО

Айкелчиликте окуу тапшырмалары жумшак материалдардан пайдаланып аткарылат. Айкелчиликтин жумшак материалы – муздак фарфордон пайдалануу бир топ ыңгайлыктарга ээ. Созулгуч материал катары алардан таза түстөрдү пайда кылуу мүмкүнчүлүгү бар.

Серпилгичтүү, созулгуч материал төмөнкү тартипте даярдалат.

3 аш кашык ПВА № 801 маркалуу желим, 2 аш кашык күнкарама майы, 1 аш кашык глицерин, 1/3 чай кашык лимон кислотасы жана 4,5 аш кашык жүгөрү крахмалы аралаштырылат. Натыйжада камырга окшош жумшак масса пайда болот. Бул массага кудум камыр сыяктуу иштөө берип, бышытылат. Кийинки баскычта жасалуучу буюмдун көлөмү, бөлүктөрүнүн чоң-кичинелигине карап майда үзүмдөргө ажыратылат, гуашь боёгун кошуу менен түстүү бөлүкчөлөр пайда кылынат. Бул аралашманы селлофанга ороп сакталса, кыйла убакытка чейин өзүнүн жумшактык касиетин жоготпойт.





*54-сүрөт.*
Жумшак материалдан даярдалган декоративдүү буюм.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Айкелчиликте декоративдүү буюмдарды жасоодо карапачылык ылайынан да пайдаланылат. Карапачылык ылайы өзүнүн жумшактык өзгөчөлүгүнө менен декоративдүү буюмдарды жасоодо ыңгайлуу материал болуп эсептелет. Төмөндө карапачылык ылайынан декоративдүү буюм – калем салгыч жасоонун баскычтары көрсөтүлгөн.

**ЖОРАБЕК ИШМАТОВ**

КАРАПАЧЫЛЫК ЫЛАЙЫНАН ДЕКОРАТИВДҮҮ ФОРМАДАГЫ КАЛЕМ САЛГЫЧ ЖАСООНУН БАСКЫЧТАРЫ



1



2



3

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4





5

6



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Биринчи баскычта жогорудагы сүрөттөрдө көрсөтүлгөндөй композициянын формаларына жараша бөлүктөр даярдап алынат. Андан соң аларды көрүнүшүнө ылайыктуу формаларга келтирип, бири-бирине жабыштыруу усулунда калем салгычтын бүтүн композициясы калыптандырып алынат. Натыйжада төмөнкү сүрөттө берилгендей декоративдүү айкелче пайда болот (*55-сүрөт*).



*55-сүрөт.* Декоративдүү формадагы буюм – калем салгыч композициясынын аякталган варианты.

1. Муздак фарфордун камыры үчүн созулгуч материал даярдоодо кандай продукциялар керектелет?
2. Созулгуч материалдын бөлүктөрүнө түс берүү үчүн кандай боёктон пайдаланылат?
3. Созулгуч материалдардан түрдүү фигураларды жасоодо кандай усулдар колдонулат?

Өз алдынча муздак фарфордун камырын даярдап, каалагандай буюм, жаныбар же канаттуунун айкелчесин жаса.

Декоративдүү буюмдарды жасоо боюнча өзгөчө мектеп жараткан өзбекстандык уста Хамрабиби Рахимованын чыгармалары Лувр (Франция), Дүйнөлүк керамика музейи (Италия), Эрмитаж (Россия) сыяктуу абройлуу музейлерде сакталат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 13-тема ЛАНДШАФТ ДИЗАЙНЫ ҮЧҮН ФУНКЦИОНАЛДУУ-ДЕКОРАТИВДҮҮ АЙКЕЛ ЖАСОО

Функционалдуу айкел кандайдыр бир чөйрөнү эстетикалык жактан кооздошу, белгилүү бир функционалдуу милдетти аткарышы керек. Функционалдуу-декоративдүү айкелдер дегенде түрдүү образдардагы жарыктычтар, мебелдер, фонтандар, кол чатырлар, балдар аянтындагы тайгылгычтар жана ушул сыяктуулар түшүнүлөт.







*56–58-сүрөттөр.* Жарыткыч түрүндөгү декоративдүү айкелчиликтин үлгүлөрү.

Бак ландшафты же интерьер үчүн декоративдүү-функционалдуу айкелди жөнөкөйлөштүрүлгөн адам түспөлүндөгү ваза формасында жасоо мүмкүн. Ал үчүн кагаз, калем, карапачылык ылайы же пластилин керек болот.

Алгач иштин эскизи сызып алынат. Мында, биринчи кезекте, жасалуучу айкел кандай функцияны аткарышы жана каерде жайгашуусу аныктап алынат.

Кийинки баскычта айкелдин көркөм чечими кагазга түшүрүлөт. Айкелдин формасы, пластикалуу чечими, функциясы, ландшафттагы орду тактап алынгандан соң, жаратылган эскиздин негизинде айкелченин үлгүсү жасалат.

Айкелчени жасоо жараянында коопсуздук техникасы, гигена эрежелери жана материалдан үнөмчүлдүк менен пайдаланууга көңүл буруу керек.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE









*59-сүрөт.* Ваза формасындагы декоративдүү айкелчиликтин үлгүлөрү

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*60-сүрөт.*
**Эркин Низамов.**
Ландшафт дизайны үчүн декоративдүү жарыткычтар



*61-сүрөт.*
**Жорабек Ишматов.**
Ландшафт дизайны үчүн декоративдүү жарыткычтар

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*62-сүрөт.* **Жорабек Ишматов.** Ландшафт дизайны үчүн функционалдуу-декоративдүү айкелчелер

1. Функционалдуу айкелчилик айкелчиликтин башка түрлөрүнөн эмнеси менен айырмаланат?
2. Функционалдуу айкелчиликтин үлгүлөрү кандай милдеттерди аткарат?

Функционалдуу айкелчиликтин үлгүсүнүн эскизин жасоо жана ошол эскиздин негизинде практикалык ишти аткрауу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 14-тема АЙКЕЛЧИЛИКТЕ ДЕКОРАТИВДҮҮ ПАННО ЖАСОО. РЕЛЬЕФ

**Рельеф** (французча "тегиздиктин бетиндеги томпок сүрөт") айкелчиликтин түрү болуп, тегиздикке бөрттүрүп же тескерисинче, оюп жасалат. Рельеф үч түргө бөлүнөт: тереңдетилген (контррельеф), барельеф жана горельеф.

Тереңдетилген рельеф тегиздиктин бетине караганда ичкериге карап оюлган түрдө жасалат. Рельефтин бул түрү Байыркы Египетте кеңири колдонулган. Контррельеф менен көркөм өнөр чыгармалары жана чоң пирамидалардын дубалынын беттери, мамылары коздолгон *(63-сүрөт)*.

Барельефтин (французча "жапыз бөртмө") үлгүлөрүн Ташкенттеги "Жеңиш багы", "Жаңы Өзбекстан" бактарында, Ташкент метрополитени станцияларынын интерьерлеринде көрүү мүмкүн. Барельеф композицияларында сүрөт тегиздиктен бөрткөн абалда сүрөттөлсө да, жалпы түрдө тегиздикти бойлой сыртка бөлүнбөгөн, ажырабаган түрдө туюнтулат *(64-сүрөт)*.

Горельефте (французча "бийик томпок") сүрөттөлүүчү образдардын жалпы көлөмүнүн жарымынан көбү томпок абалда туюнтулат *(65-сүрөт)*.



*63-сүрөт.* Тереңдетилген рельеф (контррельеф). Байыркы Египет

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*64-сүрөт.* Барельеф. "Жаңы Өзбекстан" багы. Ташкент



*65-сүрөт.* Горельеф. "Жаңы Өзбекстан" багы. Ташкент


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Барельеф көрүнүшүндө декоративдүү панно жасоодон мурда композиция идеясын кагазга түшүрүп алуу керек *(67-сүрөт)*. Кийинки баскычта композиция жасоо үчүн пластилинден 10x15 см өлчөмдө тегиз пласт жасап, анын үстүнө кагаздагы композицияны жайгаштырып, калем менен сүрөт тартылат. Пластилиндин бетине түшкөн сүрөттүн үстүнөн форма берилет *(68-сүрөт)*.

Декоративдүү паннону жасоо жараянында сүрөттүн үстүнө ылайды баскычма-баскыч коюу аркылуу форма толтурулат. Бул жараянда сүрөттөгү форманын тактыгына маани берүү зарыл. Иш жараянында бөртмөнүн өзүнчө бөлүктөрүнүн калыңдыгы жана пластикасына көңүл буруу керек.





*66-сүрөт*. Рельеф сымал декоративдүү паннонун варианттары



*67-сүрөт*. Барельеф түрүндөгү декоративдүү паннонун эскизи

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*68-сүрөт.* Барельеф түрүндөгү декоративдүү панно

Жогоруда келтирлген бөртмө декоративдүү айкелчиликтин үлгүсүн жасоо тартибинин негизинде тоос декоративдүү панносун жасоо.

1. Рельеф термини кандай маанини билдирет?
2. Рельеф кандай түрлөргө бөлүнөт?
3. Барельеф менен горельефтин айырмасын түшүндүр.
4. Контррельеф башка түрдөгү рельефтерден кайсы жагы менен айырмаланат?

Барельеф усулунда өз алдынча композиция жасоо.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

## ПЛАСТИЛИН ЖЕ ЫЛАЙДАН КААЛАГАН ТЕМАДА РЕЛЬЕФ СЫМАЛ КОМПОЗИЦИЯ ЖАСОО



*69-сүрөт.* Рельеф сымал композиция

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 15-тема ӨЗБЕКСТАНДЫН КӨРКӨМ ЖАСАЛГА ӨНӨРҮНДӨГҮ СИМВОЛИКАЛЫК ФИГУРАЛАР

Өзбек элинин көп кылымдык тарыхында көркөм жасалга өнөрү маданий мурасыбыздын маанилүү бөлүктөрүнөн бири катары аздектеп келинет. Өзбек көркөм жасалга өнөрүнүн келип чыгышы адамзаттын алгачкы доору – алгачкы жамааттык түзүм дооруна туура келет.

Оймочулук ар бир өлкөнүн өзүнө мүнөздүү чөйрөсү, географиялык орду, өзгөчөлүктөрүнө ылайык түрдө өнүгөт. Өзбек элдик оймолорунда анар, бадам, гүлдөр, калемпир жана ушул сыяктуулардын символдук сүрөттөрү оймо элементтери катары колдонулган.



*70-сүрөт.* Грузин элдик оймолору

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*71-сүрөт*. Армян элдик оймолору


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*72-сүрөт.* Кыргыз элдик оймолору



*73-сүрөт.* Казак элдик оймолору

Көркөм жасалга өнөрүндө символ (арабча ramz – “белги берүү”) табиятты, окуяны, жашоодогу шаттык менен кайгыны, дос жана душмандарды, жакшылык менен жамандыкты оймо элементтери, сызыктар, түстөр аркылуу сүрөттөө болуп саналат.





Өзбек улуттук оймолорунда төмөнкү символдор бар.

| СИМВОЛ (аты) | ФОРМАСЫ | МААНИСИ |
|---|---|---|
| Чекит | . | Жашоонун башталышы, теңирдин жалгыздыгы, жашоонун аяктаганы жана башка белгилер |
| Түз сызык | ______________ | Жашоодогу туура жол, жашоонун бир кылкалыгы |
| Тең капталдуу үч бурчтук |  | Бүтүн бөлүнгөн бөлүк, айрылуу, аалам |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




| | | |
|---|---|---|
| Ромб |  | Ишеним, аял, Жер эне, көп перзенттүүлүк |
| Айлана |  | Аалам, бакыт, күн, адамдарды караөзгөй ниеттен кайтаруу, жеткилеңдик, түбөлүктүүлүк (б.а. аалам түбөлүктүү, бирок адамдын өмүрү өткүнчү) |
| Жарым айлана |  | Бакыт-таалай |
| Квадрат |  | Дүйнөнүн, ааламдын чексиздиги, күндүн перзенти, түбөлүктүүлүк, жарык, туруктуулук, бизди курчаган аалам жер-суу, жалын жана абадан тургандыгы, жеткилеңдик, теңдик, сулуулук |
| Бүчүр |  | Токчулук, жаз, ойгонуу, Нооруз |
| Байлам |  | Бакыттын байланышы |
| Жалбырак |  | Жазгы ойгонуу, Нооруз |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| | | |
|---|---|---|
| Калемпир |  | Түрдүү жамандыктар жана жаман көздөрдөн асыроо |
| Бутак |  | Байлык, бейпилдик |
| Жалбырактуу бутак |  | Жазгы ойгонуу |

Усталар табияттагы гүл, жалбырак, бутак, бүчүр, көгүчкөн, тоостордун түзүлүшүнөн түрдүү оймо композициясын тартуу үчүн түрдүү элементтерди стилдештирип алышкан.

Оймочулук, алебастр жана жыгач оймочулугу, кештечилик, зардоздук жана көркөм өнөрдүн башка түрлөрүндө колдонулуучу элементтер оймо тартуунун алиппеси болуп эсептелет.

Жадыбалда келтирилген символдук оймо элементтерин чийүү жана алардын маанисин жаттоо.

1. Улуттук оймо элементтери кандай маанилерди билдирет?
2. Ишеним, Жер эне, көп перзенттүүлүк маанилерин кайсы символдук фигура билдирет?
3. Көркөм өнөрдүн өнүгүүсүнө кандай факторлор таасир эткен?
4. Өзбек улуттук оймо элементтери катары кандай символикалык фигуралардан пайдаланылат?
5. “Символ” сөзү кандай маанини билдирет?

Жадыбалда келтирилген символдук элементтерден пайдаланып оймо композициясын түзүү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 16-тема ИСЛИМИЙ ОЙМО ТАРТУУ

**Ислимий** – өсүмдүк сымал формадагы кайталануучу бөлүктөрдөн түзүлгөн оймонун түрү. Оймонун негизин танаб, сабак, жалбырак, бадалдар түзөт. Ислимий оймонун түрлөрү көп, ал кайсы форма менен толтурулса, оймо ошол форманын аты менен аталат: Ислимий жалбырак, ислимий баргек, ислимий бофта, ислимий гүл, ислимий чынжыр, ислимий мадахил, ислимий мехраб жана ушул сыяктуу жүздөн ашуун жөнөкөй жана татаал түрлөрү бар.

**Танаб** – арабча чылбыр, аркан деген маанини билдирет. Татаал оймолор композициясынын негизин түзүүчү негиз жана оймого форма берүүчү сызык танаб дейилет. Эгерде композицияда танабдар кесип өтүүчү түстүү оймолордо иштетилсе, албетте, экөө эки түрдүү түскө боёлот. Танабдар бири-бирин кесип өтпөй, тескерисинче параллель болсо, мындай оймо “кош танабдуу ислимий” деп аталат. Эгерде аякталган өз алдынча композиция болсо, “кош танабдуу намоён” дейилет.

Ислимий оймону чийүү анын элементтерин үйрөнүүдөн башталат.

**1-баскыч.** Ислимий оймо композициясын чийүү үчүн калемде кагаздын барагы (сүрөт дептери)на 10x20 см лүү өлчөм сызып алынат *(74-сүрөт).*




*74-сүрөт.* Ислимий оймо сызылуучу аянтты белгилөө тартиби

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**2-баскыч.** Сызып алынган өлчөм борборунан баштап, биринчи кезекте танаб тартып сызылат. Танабды бири-бири менен туташтыруу максатында шукуфта (байлам) сызылат. Кийинки баскычта бутактар сызып алынат, андан соң алардын багытына жараша гүлдөр жайгаштырып чыгылат *(75-сүрөт).*



*75-сүрөт.* Оймо композициясын калемде сызуунун баскычы

**3-баскыч.** Сызылган ислимий оймо композициясына түс берилет. Мында биринчи боёлуучу аянттарды топторго бөлүп алуу керек.

Биринчи кезекте оймонун негизи боёп алынат. Кийин экинчи даражалуу бөлүктөрү удаалаш боёлот *(76-сүрөт).*




*76-сүрөт.* Ислимий оймону боёонун баскычтары

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**4-баскыч.** Бул баскычта коздоо иштери аткарылат. Кийин гүл жана жалбырактарга сыя калем тартылат. Андан соң аларга таргыл тартылат жана ак сабактардын (танабдар) үстүнөн ак гуашь сүртүп чыгылат *(77-сүрөт).*



*77-сүрөт.* Ислимий оймону боёонун баскычтары

Өз алдынча түрдө ислимий оймо композициясын тартуу.

1. Оймонун бул түрү эмне үчүн ислимий дейилет?
2. Формасына карай ислимий оймолордун кандай түрлөрү бар?
3. Танаб сөзү эмнени билдирет?
4. Мола калемдер эмне үчүн иштетилет?
5. 1, 2-сандуу кыл калемдер оймо композициясынын кайсы жараяндарында жана эмне үчүн иштетилет?

Каалагандай өлчөмдө татаал болбогон ислимий оймо композициясын тартуу.

- Өзбекстан эл устасы, атактуу карапачы жана аалым Мухиддин Рахимов өзбек улуттук оймолорунун түрлөрүн классификациялап чыккан. Анын бул чыгармасы ЮНЕСКО тарабынан англис тилинде басып чыгарылган.
- Бул китеп дүйнөнүн Метрополитен (Нью Йорк), Лувр (Париж), Британия музейи (Лондон) сыяктуу музейлеринде сакталат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 4-
# ЧЕЙРЕК



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 17-тема ДИЗАЙН ӨНӨРҮ

**Дизайн** (англисче “design” – “долбоор”, “чийме”, “сүрөт”) – буюм жана продукциялардын эстетикалык жана функционалдуу милдеттерин туюнтуу максатында жаратылган долбоор. Дизайн керектөө буюмдары, автомобилдер, тиричилик техникасы, кийим, реклама, коомдук жана турак-жай имараттарынын интерьер жана экстерьери, мебель эмеректери, веб-дизайны сыяктуу багыттарда жаратылат.

Өзбекстанда дизайн өнөрү өнүгүп, өнөр жай дизайны, кийим дизайны, реклама дизайны, архитектура, автомобиль жана башка багыттардын дизайнында иш жүргүзүп жаткан өзбек дизайнерлеринин продукциялары дүйнө базарына чыкты жана таанымал бренддерге айланды.

Сүрөт өнөрү менен олуттуу алектенип, дизайнер болуу үчүн дизайндын түрлөрү жана багыттары боюнча жетиштүү билимге ээ болуу талап кылынат.



*78-сүрөт.* Кийим дизайны

**Кийим дизайны** – адам үчүн ыңгайлуу болгон жана аны кооздоочу кийимдерди долбоорлоого арналган дизайндын түрү. Бул ишмердүүлүктүн түрү менен алектенүүчүлөр модельер-дизайнер деп аталат.




**Реклама дизайны** – массалык маалымат каражаттары аркылуу продукцияны (бизнести) сунуштоо үчүн пайдаланылат

*79-сүрөт.* Реклама дизайны

*Книга представлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*80-сүрөт.* Архитектура дизайны

**Архитектура дизайны** – адам үчүн эстетикалык жана ыңгайлуу чөйрө жаратууга каратылган ишмердүүлүктүн түрү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*81-сүрөт*. Интерьер дизайны

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ар кандай дизайн вариантын жаратууда идея кагазга эскиз көрүнүшүндө түшүрүп алынат. Кыялдагы дизайн кандай форма жана түстөрдө жаратылуусун эскизде такташтырып алынат.



*82-сүрөт.* Кийимдин дизайнын сүрөттөөнүн баскычтары

Түрдүү буюмдардын дизайн эскизин чийүү.

1. "Дизайн" сөзү кандай маанини билдирет?
2. Дизайн өнөрү качан пайда болгон жана эң ири дизайн мектептеринен кайсыларын билесиң?
3. Дизайн өнөрүнүн түрлөрүнө мисал келтир.
4. Архитектура дизайны, реклама дизайны жана кийим дизайны дегенде эмнени түшүнөсүң?

Дизайн түрлөрүнөн биринде эскиз тарт.

- Өзбекстандагы бир топ жогорку окуу жайларында дизайнер адистер даярдалат. Камалиддин Бекзат атындагы Улуттук сүрөтчүлүк институтунда интерьер жана кийим дизайны, Ташкент токуучулук жана жеңил өнөр жай институтунда кийим дизайны, Ташкент архитектура-курулуш институтунда интерьер жана ландшафт дизайны, Ташкент мамлекеттик техника университетинде өнөр жай дизайны боюнча адистер даярдалат.
- Дизайн XX кылымдын башында пайда болуп, 1930-жылдарда атайын ишмердүүлүк түрү катары Батыш Европа жана АКШда калыптанган. Биринчи дизайн мектептери катары Баухаус (Германия), ВХУТЕМАС (Россия) сыяктууларды мисал кылуу мүмкүн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 18-тема АРХИТЕКТУРАДА КОМПОЗИЦИЯ. ИНТЕРЬЕР ДИЗАЙНЫ

Интерьер – архитектура жана дизайндын синтези болуп, бөлмөнүн чөйрөсү жана андагы буюм жана эмеректердин өз ара шайкештиги дизайн долбоорунун негизинде пландаштырылат. Имараттын архитектуралык чечими, анын кайсы стилде курулганы интерьердин дизайнын белгилеп берет. Мисалы, кандайдыр бир архитектуралык стилде курулган имарат үчүн ошол имараттын стилине ылайыктуу интерьер жаратуу, жабдуу талап кылынат. Муну биз хай-тек жана классикалык стилде курулган имарат жана анын интерьерлери мисалында көрүшүбүз мүмкүн.

Интерьер кандай максатта жаратылганы, милдети, анда жайгашкан эмерек жана буюмдардын негизинде бөлмөнүн дизайны иштелет. Ошондуктан офис жана коомдук мекемелер, театр жана кинотеатрлар, вокзал жана ооруканалар, билим берүү мекемелери, турак-жайлардын интерьерлери бири-биринен айырмаланат.



*83-сүрөт.* Классикалык стилдеги үйдүн экстерьери



*84-сүрөт.* Классикалык стилдеги үйдүн интерьери

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*85-сүрөт.* Хай-тек стилиндеги үйдүн экстерьери



*86-сүрөт.* Хай-тек стилиндеги үйдүн интерьери

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**САКИНА МУХАМЕДЖАНОВА**

БӨЛМӨ ИНТЕРЬЕРИНИН ДИЗАЙНЫН ЧИЙҮҮНҮН БАСКЫЧТАРЫ


1





2

3



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4






5

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





Теманын практикалык сабагы катары бөлмө интерьеринин дизайнын жаратууда кагаздын борборуна тик бурчтук сызып алынат. Фигуранын ичинен бир чекитти белгилеп, тик бурчтуктун бардык бурчтарын белгиленген чекит менен туташтыруучу сызык өткөрүлгөндөн соң, алар бөлмө интерьеринин дубалдары перспективасын пайда кылат. Кийинки баскычта борбордогу чекиттен бөлмөнүн дубалдарын көздөй жардамчы сызыктарды жүргүзүп, аларга вертикаль түрдө бөлмө жабдыктарынын бийиктиги белгилеп алынат.

Диагональ сызыктардын жардамында предметтердин перспективалуу кыскаруусу сүрөттөлөт.

Бардык жабдыктарды жайгаштырып болгондон соң, деталдар боёлот.

1. Интерьер дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Имараттын интерьеринин дизайнын жаратууда эмнелерге маани берүү керек?
3. Интерьердин стили дегенде эмнени түшүнөсүң?

Өз бөлмөңдү композициялык жактан кайра куруу жана жабдуу боюнча интерьер дизайнынын эскизин сыз.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 19-тема АРХИТЕКТУРАДА КОМПОЗИЦИЯ. ЭКСТЕРЬЕР ДИЗАЙНЫ

Сүрөт өнөрүндө экстерьер дегенде архитектуралык курулуштар жана алардын сырткы көрүнүшү түшүнүлөт.

Экстерьер дизайнын жаратуунун биринчи баскычында сызылуучу имарат эмне үчүн арналганын аныктап алуу керек: турак-жай имараты, көп кабаттуу соода борбору, спорттук комплекс ж.б. Архитектура курулушунун экстерьери дизайнын жаратууда ошол имарат жайгашкан чөйрө, ал жердеги башка архитектура объекттерин эсепке алуу талап кылынат. Мисалы, тарыхый шаарлар чөйрөсүндө заманбап дизайн чечиминдеги имаратты долбоорлоо чөйрөнүн өзүнө мүнөздүүлүгүнө терс таасир тийгизиши мүмкүн. Же тескерисинче, заманбап шаарлар чөйрөсүндө орто кылымдарга тиешелүү дизайн чечиминдеги архитектуралык курулушту жайгаштыруу чөйрөнүн заманбаптыгына бир кыйла туура келбейт. Заманбап шаар чөйрөсү үчүн ылайыкташкан Хай-тек стилиндеги дизайн чечимине ээ мечиттер буга мисал болот *(87-сүрөт).*



*87-сүрөт.* Хай-тек стилиндеги дизайн чечимине ээ Аймани Кадырова атындагы мечит. Чеченстан

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*88-сүрөт.* Салттуу архитектура чечимине ээ “Минар” мечити. Ташкент

Архитектурадагы көркөм стиль жана багыттар кандайдыр бир тарыхый доорго тиешелүү болот. Бул талаптар мамлекеттин салттары, табигый климат шарты, саясий-экономикалык шарттардын негизинде пайда болот. Мисалы, Байыркы Грек жана Рим архитектурасы көркөм салттарынын элементтерин классикалык стилдеги заманбап архитектура курулуштары экстерьерлеринде кезиктирүү мүмкүн *(89-сүрөт).*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*89-сүрөт.* Ташкенттеги “Аксарай” турак-жай имараты



*90-сүрөт.* Байыркы Рим архитектурасы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**САКИНА МУХАМЕДЖАНОВА**


ИМАРАТ ЭКСТЕРЬЕРИ ДИЗАЙНЫН ЧИЙҮҮНҮН БАСКЫЧТАРЫ

1



2





3

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






Имарат экстерьерин чийүү үчүн баштап асман менен жер туташкан сызык (горизонт сызыгы) сызып алынат. Кийинки баскычта үйдү кайсы абалда сүрөттөөнү белгилеп алуу зарыл. Сүрөттөлүп жаткан имараттын экстерьери тууралан же жарым каптал ракурста болушу мүмкүн. Жарым каптал түрүндө сүрөттөөдө эки жактуу перспектива кыскаруу чекиттери белгилеп алынат

1. Экстерьер дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Имараттын экстерьери дизайнын жаратууда эмнелерге маани берүү керек?
3. Имараттын экстерьеринин салттуу жана заманбап усулдары дегенде эмнени түшүнөсүң?

Өз алдынча түрдө имараттын экстерьери композициясына тиешелүү эскиз варианттарын тартуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 20-тема АРХИТЕКТУРА ЧӨЙРӨСҮНДӨ ГРАФФИТО КОМПОЗИЦИЯСЫ

**Стрит-арт** (англисче “street art” – көчө өнөрү) дубалга илүүчү сүрөттөр, коомдук жерлер жана башка түрдүү объекттердеги сүрөттөр, граффити, көчө инсталляциялары, стикерлер, постерлер, о.э, муралдарды өз ичине алат.

**Граффито** (италянча “граффито” – тырмалган) – дубалдын бетине боёктордун жардамында тартылган, тырмалган сүрөт же тексттен турган дубалга илүүчү сүрөт. Граффити негизинен шаар чөйрөсүндө колдонулуучу өнөр түрү болуп эсептелет.

Биринчи граффити өнөрүнүн үлгүлөрү алгачкы доордун архитектуралык эстеликтери жана көркөм өнөр буюмдарында табылган. Аларда сатиралуу характердеги жазуулар, карикатуралык сүрөттөр чагылдырылган. Байыркы римдиктер граффиттилерди дубал жазуулары жана айкелчилик үлгүлөрүнө тартышкан. Байыркы граффитилер мазмуну жагынан заманбап графиттилерден таптакыр айырмаланган. Аларда негизинен саясий маалыматтар, жарыялар орун алган.

Заманбап граффити өнөрүнүн бир нече түрлөрү, стилдери жана багыттары бар. Алардан негизгилери Writing, Clean Advertising, Tagging деп аталат.

**Writing** – граффити өнөрүнүн негизги багыттарынан бири болуп, анда граффити жаратуу техникасы, стили чектелбеген. Сүрөтчү өзүнө жаккан стилде тартышы, түрдүү материалдардан пайдаланышы мүмкүн. Мисалы, аэрозолдуу боёктор, дубалга илүүчү маркерлер, даяр трафареттер, кыл калем ж.б.



*91-сүрөт.* **Абдурахман (Inkuzart)**. Өзбекстанга эмгеги сиңген артист Абдурайим Абдувахабовдун элесине арналган мурал

Бул стилде аткарылган иш **скетч** деп аталат жана ал алдын ала кагазга тартылган болушу да мүмкүн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Clean Advertising –** граффити өнөрүнүн салыштырмалуу жаңы багыты болуп, ал негизинен ишкердик менен байланыштуу. Граффитинин бул түрүндө кандайдыр бир мекеменин продукциясын үгүттөөгө каратылган реклама композициясын архитектуралык курулуштун дубалында сүрөттөлөт.



*92-сүрөт.* “Coca-Cola” компаниясынын продукциясынын граффити композициясы

**Tagging** – граффитинин бул түрүндө көп учурларда каллиграфия жана түрдүү жазуу стилдеринен пайдаланган түрдө тексттүү композиция жаратылат.




*93-сүрөт.* Шрифттүү граффити композициясы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**3D** граффити – бул стилде жаратылган граффити сүрөттөрү өзүнө мүнөздүү аткаруу техникасы себеп көлөмдүү көрүнөт. Ушул сыяктуу оптикалык иллюзияга ээ композициялар дубалга гана эмес, о.э, асфальт аянттарына да тартылат.

Көчө өнөрүндө граффити чыгармалары менен бир катарда муралдарды да кезиктирүү мүмкүн. Граффити менен муралдын айырмалуу жагы, мурал (латинче “murus”, – “дубал”) өтө чоң көлөмдөгү имараттын дубалдарына тартылат.





*94-сүрөт.*
**Хасан Маичеев.**
“Достук” муралы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**САКИНА МУХАМЕДЖАНОВА**

ГРАФФИТИ УСУЛУНДА ДУБАЛГА ИЛҮҮЧҮ КОМПОЗИЦИЯНЫ ТАРТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5



1. Стрит-арт көркөм өнөрдүн кандай түрү, анын кайсы түрлөрүн билесиң?
2. Граффито сөзү кандай маанини билдирет?
3. Граффито менен мурал бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?

Маалеңдеги эстетикалык жактан көңүл бурулбай жаткан дубалга “Достук”, “Ата журтум”, “Бактылуу балалык” темаларында граффито сүрөттөрү үчүн композиция жарат.

Египетте граффито усулунда тартылган байыркы сүрөттөр сакталып калган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ТЕКШЕРҮҮ ИШИ

## "СПОРТТУК МЕЛДЕШТЕР" ТЕМАСЫНДА ДУБАЛ СҮРӨТҮ – ГРАФФИТО ҮЧҮН КОМПОЗИЦИЯ ТАРТУУ



*95-сүрөт.* "Спорт" темасында декоративдүү композиция

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21-тема “КЫЯЛЫМДАГЫ ШААР” ТЕМАСЫНДА АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМПОЗИЦИЯ ЖАРАТУУ

Адам дайыма кандайдыр бир максаттарды коюп жашайт. Бул максаттар аны жаңылыкка умтулууга үндөйт. Бул каалоо, оболу, жашоо шартыбызда байкалат. Мына ошентип ар түрдүү долбоорлорду жаратып, каалоо-тилектерибизди чагылдырууга умтулабыз. Бул умтулуулардын натыйжасында журтубуз жаңыча түспөлгө ээ болуп баруудa. Мында, албетте, жаңы долбоорлордун аткаруучулары – архитекторлор, дизайнерлер, сүрөтчүлөр, көркөм өнөр усталары жана куруучулардын чыгармачыл эмгегинин өз орду бар. Улуттук архитектуралык салттардын негизинде курулган имараттарга Ташкент шаарындагы мечиттер, Ислам цивилизациясы борбору *(96-сүрөт)* сыяктуу имараттарды киргизүү мүмкүн.

Самарканд, Бухара, Хива сыяктуу шаарларда чыгышка таандык салттардын негизинде курулган байыркы архитектуралык эстеликтерде күмбөз, мунара, арка, равак сыяктуу элементтер болгон. Байыркы архитектурада эшик жана терезелер, текчелер да өзгөчө мүнөзгө ээ болгон. Мындай элементтерден заманбап архитектурада да пайдаланылып келе жатат.



*96-сүрөт*. Ислам цивилизациясы борбору. Макет

Архитектуранын өнүгүүсүндө улуттук салттардан сырткары дүйнө архитектурасында күзөтүлүп жаткан жаңылыктар да маанилүү роль ойнойт. Жакын жылдарда курулган “Хума арена” *(98-сүрөт)*, “Бунёдкор”, “Өзбекстан” спорт ареналары, Алишер Наваий атындагы Улуттук бак жана Улуттук китепкана, “International”, “Hyatt R” сыяктуу мейманканалар, Өзбекстан Улуттук банкы, Банктардын ассоциациясы *(97-сүрөт)* имараттары заманбап шаарыбыздын көрүнүшүнүн өзгөчө архитектуралык көркү болуп саналат. О.э, облустарда да бир топ заманбап имараттар курулууда.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



"Кыялымдагы шаар" темасында архитектуралык композиция жаратууга киришүүдөн мурда шаардын жалпы көрүнүшү, андагы имараттардын түзүлүшү, айрыкча, перспективалуу кичирейүүлөрдү белгилеп алуу керек. Перспективалуу кичирейүүдө имарат, жол, дарактар, жолдогу адамдар, автомобилдер алыстаган сайын кичирейип бараарын эсте тутуу зарыл. Темага ылайык композиция жаратууда төмөнкүлөргө көңүл буруу керек: имараттын кандай максатта пайдаланылууга арналганы, көчөдө кандай көрүнүштөгү курулуштар болушу, көчө жана анын айланасында кандай кошумча объекттердин бар экени жана ушул сыяктуулар.





*97-сүрөт.* Банктардын ассоциациясы (солдо) жана Өзбекстан Улуттук банкынын имараттары.




*98-сүрөт.* Хума арена универсалдуу спорт сарайы.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*99-сүрөт.* "Кыялымдагы шаар" темасында композиция.
Вариант

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*100-сүрөт.* “Кыялымдагы шаар” темасында композиция. Вариант


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## САКИНА МУХАМЕДЖАНОВА
### “КЫЯЛЫМДАГЫ ШААР” ТЕМАСЫНДА ЗАМАНБАП АРХИТЕКТУРАЛЫК КОМПОЗИЦИЯ ЖАРАТУУНУН БАСКЫЧТАРЫ


1



2



3



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





4

5




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



6



7




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



8



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**ЯКОВ ЧЕРНИХОВ**
ЗАМАНБАП ШААР
ИМАРАТТАРЫНЫН
ДОЛБООРУНУН ЭСКИЗДЕРИ





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




# 22-тема ФОТОГРАФИЯДА КОМПОЗИЦИЯ

**Фотография өнөрү** – фотограф-сүрөтчүнүн чыгармачыл көз караштарын чагылдыруучу, фотосүрөт жаратуу технологиясына негизделген өнөрдүн түрү болуп эсептелет.

Фотография өнөрүнүн бир нече жанрлары бар. Алар сүрөткө түшүрүлүп жаткан предмет же объекттин мазмунунан келип чыккан түрдө пейзаж, портрет же түрдүү жагдай, күндөлүк турмуш көрүнүштөрү сыяктуу жанрларга бөлүнөт. Фотографиянын бардык жанрларында сүрөт өнөрүнүн композиция эрежелерине, алсак, сүрөт жаратуунун визуалдуу каражаттары системасы катары композиция, перспектива, сүрөттүн тоналдуулугу жана жарык эрежелери сакталат.

Фото өнөрүндө да композиция куруунун өзүнө мүнөздүү жактарын эсепке алуу талап кылынат. Мисалы, сүрөткө алуудан мурда объекттерди композициялык тең салмактуулугун сактаган түрдө кадрга туура жайгаштыруу (компановка), вертикаль, горизонталь, диагональ сызыктарга карай кадрды куруу фотосүрөттүн таасир күчүн арттырат.

**Компановка** – сүрөткө алуунун биринчи баскычы болуп, кадрга фигураларды бири-бирине карата, кадрдын борборуна салыштырмалуу туура жайгаштырууну билдирет *(101-сүрөт).*



*101-сүрөт.* Туура компановка



*102-сүрөт.* Туура эмес компановка


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*103-сүрөт.* Вертикалдуу сызыктар – өзгөргүс, туруктуулук сезимин козгойт.



*104-сүрөт.* Горизонталдуу сызыктар – тынчтык, орун, кеңдикти туюнтат

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*105-сүрөт.* Фотографияда портрет. Өзбекстан эл артисти Хикмат Латиповдун портрети



*106-сүрөт.* Фотографияда диагоналдык элементтер

Диагональ сызыктар – ылдыйга же жогоруга жасалган кыймыл динамикасы фотографияда мазмундуу кадр алуунун негизги шарттарынан бири болуп эсептелет.


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Кызыктуу сюжет тандоо.**

Табияттын ар кандай кызыктуу жагдайы сюжетке айланышы мүмкүн. Мисалы, жаныбарлар дүйнөсүндөгү мамилелер, табият кубулуштары, жамгыр, туман, чагылган, балдардын катышуусундагы кызыктуу сахналар.



*107-сүрөт.* **Зилала Сулайманова.** Фотоэтюд

**Жарык жана тон, багытталган жарык** – объектке жарыткычтар аркылуу жарык, көлөкөлөр жана кээ бир учурларда жаркыроо эффектин берүү.



*108-сүрөт.*
Фотографияда жарык жана түс катыштарынын туюнтулушу

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Таралган жарык** – объекттин бардык беттерин бирдей жана тең түрдө жарытуучу жарык.

Үй шартында сүрөткө алуу үчүн эң туура жана жөнөкөй жарык булагы терезеден түшүүчү жарык болуп саналат.



*109-сүрөт.* Фотоэтюд

**Түс** – сүрөттөгү түстөрдүн ачык-кочкулдугун, каныккандыгын билдирүүчү түшүнүк. Сүрөттүн тоналдуулугу андагы ачык-кочкул аянттардын катышы менен бааланат.





*110-сүрөт.* **Шахноза Садирова.** Фотографияда түстүн айкындыгы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Перспектива.** Фотографияда перспективанын бир нече түрү колдонулат. Алардан эң негизгиси **– сызыктуу перспектива.** Перспективанын бул түрүндө объекттер күзөтүүчүдөн алыстаган сайын алардын өлчөмү да өзгөрүп барат.



*111-сүрөт.* Фотографияда перспектива

Фотосүрөттө түстүүлүк сүрөттүн көрүнүшүнө, кыймылга, позага, о.э, анын өзүнчө элементтеринин динамикасына мүнөздүү болгон маанини түшүнүүнү бир аз акырындатат. Монохромдуу (ак-кара) вариантта болсо беттин формасы, өзгөчөлүктөрү тагыраак көрүнүшкө ээ болот. Бул болсо фотосүрөттө берилген сүрөттү кыйла жакшы “окуу” мүмкүнчүлүгүн берет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE







*112-сүрөт.* **Шахноза Садирова.** Фотографияда түстүн маанилүүлүгү

**Фотоэтюд** – фотографиялык каражаттардын жардамында аткарылган этюд.

1. Фотография өнөрүнүн кандай жанрларын билесиң?
2. Фотография өнөрүнүн сүрөт каражаттары эмнелерден турат?
3. Маанилүү кадр алуунун негизги шарттары кандай?

Смартфондун фотокамерасынын жардамында "Менин досум", "Күндөлүк жашоомдон бир үзүндү", "Менин айылым" темаларында фотоэтюд сүрөткө тарт. Сүрөткө алууда үйрөнгөн мыйзам-эрежелериңди колдон.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# Tasviriy san’at

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*7-sinfi uchun darslik*
*(Qirg‘iz tilida)*

Которгон Айнура Зулпихорова
Техникалык редактору Акмал Сулайманов
Көркөм редактору Сарвар Фарманов
Редактору Кайратбек Токтобаев
Корректору Анваржан Зулпихоров
Сүрөтчүсү Умид Сулайманов
Компьютерде беттеген-дизайнер Алмардан Акилов

Басууга 02.07.2022-жылда уруксат берилди. Форматы 60x84 $^1/_8$.
Segoe гарнитурасы. кегли 12. Офсеттик басма.
Шарттуу басма табагы 14,88. Эсептик басма табагы 11,22.
Тиражы ____ нуска. Буюртма № ___.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага бериле турган окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |
| | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебин алгачкы жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, четтери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, бирок канааттандырарлык. Көчкөн барактары кайра ордуна желимделген, айрым беттерине чийилген. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабасы жыртылган, үстүнө чийилген, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE